КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# Медициналык колледжи

## 060108 – “Фармация”

## Тандоо курс (2023-2024-ж)

**Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин 060108 – "Фармация" адистиги боюнча НКББПнын жумушчу тобунун 2023-жылдын 4-апрелинде болуп өткөн отурумунун № 8 протоколунан**

**Көчүрмө**

**Төрайым:** Н.Д. Карабаева
**Катчы:** А. Зулпукарова

**Күн тартиби**

**1. Медколледждеги адистиктердин окуу планына ылайык 5-6-семестрлерге элективдүү курстардын зарылчылыгын кароо жана аларды тандоо.**

**Угулду:** Төрайым Н.Д. Карабаева 2023-2024-окуу жылына пландаштырылган (божомолдуу түрдөгү) жумушчу окуу планы менен ПЦКнын мүчөлөрүн тааныштырды. 060108 – "Фармация" адистигинде төмөнкүдөй тандоо курстар берилген:

1. Кесиптик (профессионалдык) түрмөктө (цикл) тандоо курстар төмөнкүдөй берилген:
   5-семестрге тандоо курс 4 кредит;
   6-семестрге тандоо курс 2 кредит менен берилген.

Негизинен СПОЗ. (КПВ) бөлүгүнө берилген төрт ПЦК билдирүү (протокол) берди. Алар төмөнкүлөр:

1. **(КПВ 1) 5-семестрге тандоо курс 2 кредит.**
   Фармацевтикалык дисциплиналар циклынан "Биофармация", "Медициналык жана фармацевтикалык товар таануу", жалпы медициналык дисциплиналар циклынан "Жалпы гигиена" дисциплиналары.
2. **(КПВ 2) 5-семестрге тандоо курс 2 кредит.**
   Медайым ишинин негиздери циклынан "Дени сак адам жана анын чөйрөсү", фармацевтикалык дисциплиналар циклынан "Фармацевтикалык косметология", жалпы медициналык дисциплиналар циклынан "Паразитология" дисциплиналары.
3. **(КПВ 3) 6-семестрге тандоо курс 2 кредит.**
   Фармацевтикалык дисциплиналар циклынан "Дары өсүмдүктөрдүн ресурстары жана дарылык топтомдору", табият таануу жана так илимдер циклынан "Фармацевтикалык экология", терапиялык дисциплиналар циклынан "Дарыканадагы терапиялык биринчи жана тез жардам көрсөтүү" дисциплиналары.

**Сөзгө чыкты:** НКББП мүчөсү Г. Жоробаева Биз адисти даярдоону унутпашыбыз керек. Анткени айрым ПЦКлар кайталанма предметтерди же болбосо дисциплинанын ичиндеги бир бөлүмдү эле предмет катары кайра сунуштап жатышат. Мисалы: "Паразитология", паразиттерди аныктоо лаборанттарга керектүү предмет, паразиттерге тиешелүү дарылар фармакологияда окутулат. Ошондуктан "Паразитология" предметин фармацевттерге сунуштабайт элем. 060108 –"Фармация"адистигине сунушталган калган предметтер адистикке тиешеси бар, себеби сунушталган бардык предметтер күндүн талабындагы предметтер деп ойлойм жана тандоо курсуна катышууга сунуш кылам.

Тандоодон көп пайыздык көрсөткүч менен өткөн предметтерди 2023-2024-окуу жылындагы жумушчу окуу планга кошууну сунуштасак.

**Сөзгө чыкты:** НКББП мүчөсү А. Арзиева. Мен дагы Г. Жоробаева эжекенин айтканына кошулам. Калган предметтердин адистикке тиешеси бар экендиги көрүнүп турат. Ал сөзүндө бизге берилген документтерди карап чыктык, негизинен талапка жооп берет. Ошондуктан, циклдар тарабынан көрсөтүлгөн дисциплиналарды сунуштайт элем. Студенттерге эч кандай басым жасалбаса, тандоону ачык өткөрсөк жана презентация жасаган окутуучулардын көзүнчө тандалганын эсептеп берсек. Калганын студенттер өздөрү тандап алышат деген оюн билдирди.

**Төрайым:** Н.Д. Карабаева, анда эмесе урматтуу мүчөлөр колго салсак.

Макул: 10

Каршы: жок

Калыс: жок

Мүчөлөрдүн сунуш пикирлерин угуп, жолугушуудагы жумуш берүүчүлөрдүн оюн эске алуу менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Сунуштаган төмөндөгү фармацевтикалык дисциплиналар циклынан "Медициналык жана фармацевтикалык товар таануу", "Биофармация", "Фармацевтикалык косметология", "Дары өсүмдүктөрдүн ресурстары жана дарылык топтомдору", медайым ишинин негиздери циклынан "Дени сак адам жана анын чөйрөсү", жалпы медициналык дисциплиналар циклынан "Жалпы гигиена", "Паразитология", табият таануу жана так илимдер циклынан "Фармацевтикалык экология" дисциплиналары студенттердин тандоосуна коюлуу менен 2023-2024-окуу жылына берилген тандоо курсу төмөнкүдөй тартипте өткөрүлсүн:

| Семестр | Кредит | Сунуш кылынуучу предметтердин аталышы |
|---|---|---|
| 5 - семестр | 2 | Биофармация |
| | | Жалпы гигиена |
| | | Медициналык жана фармацевтикалык товар таануу |
| 5 - семестр | 2 | Фармацевтикалык косметология |
| | | Дени сак адам жана анын чөйрөсү |
| | | Паразитология |
| 6 - семестр | 2 | Дары өсүмдүктөрдүн ресурстары жана дарылык топтомдору |
| | | Фармацевтикалык экология |
| | | Дарыканадагы терапиялык биринчи жана тез жардам көрсөтүү |

Токтомдун ишке ашыруулусун көзөмөлдөө фармация адистигинин НКББПнын жетекчиси Н.Д. Карабаевага милдеттендирилсин.

**Төрага:** Н.Д.Карабаева

**Катчы:** А. Зулпукарова